УДК 37.013.8'034:39(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2025.72.11

***Ботоканова Г.Т.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*филос.и.д., профессор,*

***Секиева Н.А.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*ага окутуучу*

# ИНСАНДЫН РУХАНИЙ ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН ОРДУ

**Кыскача мазмуну**

Макала Кыргызстандын өнүгүүсүнүн азыркы шарттарында актуалдуу болгон кыргыздардын салттуу маданиятынын этнопедагогикалык жана этноэтикеттик элементтерин изилдейт. Изилдөө кароосуз калган балдардын санынын өсүшү, карылар үйүндөгү улгайган адамдардын санынын көбөйүшү, массалык миграция жана салттуу үй-бүлөнүн ыдырашы сыяктуу терс социалдык көрүнүштөрдү аныктайт. Авторлор кыргыз этнопедагогикасынын улууларды урматтоо, кичүүлөргө камкордук көрүү жана муундар аралык байланыштарды сактоо сыяктуу руханий принциптерин талдашат. Натыйжалар коомдун трансформациясы шартында этнопедагогиканын негизги милдети гармониялуу, маданий жана адеп-ахлактык жактан жетилген инсанды калыптандыруу экенин көрсөтөт. Үй-бүлөлүк негиздерди сактоо, жарандардын руханий байышы, улуттук иденттүүлүктү жандандыруу жана элдин маданий мурасын бекемдөө үчүн салттуу баалуулуктарды коомдук турмушка активдүү киргизүү зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарылган.

**Негизги сөздөр:** этноэтикет, салттуу баалуулуктар, муундар аралык байланыштар, социалдаштыруу, маданий мурас, руханий байытуу, адеп-ахлактык тарбия, үй-бүлөлүк негиздер, улуттук иденттүүлүк, маданий трансформация

***Ботоканова Г.Т.,***
*БГУ им. К.Карасаева*
*д.филос. н., профессор,*

***Секиева Н.А.,***
*БГУ им. К. Карасаева*
*старший преподаватель*

# МЕСТО ЭТНОПЕДАГОГИКИ В ДУХОВНОМ РАЗВИТИИ ЛИЧНОСТИ

**Аннотация**

Статья рассматривает этнопедагогические и этноэтикетные элементы традиционной культуры кыргызов, актуальные в современных условиях развития Кыргызстана. Исследование выявляет негативные социальные явления, включающие рост числа брошенных

детей, увеличение количества пожилых людей в домах престарелых, массовую миграцию и распад традиционной семьи. Авторы анализируют духовные принципы кыргызской этнопедагогики, среди которых уважение к старшим, забота о младших и сохранение межпоколенных связей. Результаты показывают, что главной задачей этнопедагогики в условиях трансформации общества является формирование гармоничной, культурно и нравственно зрелой личности. Сделан вывод о необходимости активного внедрения в общественную жизнь традиционных ценностей для сохранения семейных устоев, духовного обогащения граждан, возрождения национальной идентичности и укрепления культурного наследия народа.

**Ключевые слова:** этноэтикет, традиционные ценности, межпоколенные связи, социализация, культурное наследие, духовное обогащение, нравственное воспитание, семейные устои, национальная идентичность, культурная трансформация

***Botokanova G.T.,***
*BSU named after K.Karasaev,*
*Doctor of Philosophy, professor*

***Sekieva N.A.,***
*BSU named after K. Karsaev*
*lecturer*

# THE PLACE OF ETHNOPEDAGOGY IN THE SPIRITUAL DEVELOPMENT OF A PERSON

**Abstract**

This article examines the ethnopedagogical and ethno-etiquette elements of Kyrgyz culture relevant to the modern conditions of Kyrgyzstan's development. Identified negative social phenomena include abandoned children, a growing elderly population in nursing homes, mass migration, and the disintegration of traditional families. Analyzed the spiritual principles of Kyrgyz ethnopedagogy: respect for elders, care for the young, and preservation of intergenerational connections. Ethnopedagogy's main task during social transformation is to form a harmonious, culturally, and morally mature personality. Emphasized the importance of implementing traditional values in public life to preserve family foundations, enrich citizens spiritually, revive national identity, and strengthen cultural heritage.

**Keywords:** ethno-etiquette, traditional values, intergenerational connections, socialization, cultural heritage, spiritual enrichment, moral education, family foundations, national identity, cultural transformation

Бүгүнкү күндө өлкө коомдун биримдигин жана чыгармачыл потенциалын күчөтө турган узак мөөнөттүү идеологияга муктаж. Мындай кырдаалда улуттук аң-сезимди көтөргөн жана мекенчилдикти бекемдеген жаңы идеяларды ишке ашыруу зарыл.

Бул максатта сунушталган **"Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик"** уңгужолу — Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүн жана эл аралык аброюн чыңдоого багытталган ишенимдүү концепция болуп саналат.

Аталган концепциянын алкагында кыргыз элинин улуттук баалуулугу болуп

эсептелген кыргыз этнопедагогикасындагы баалуулуктар тууралуу төмөндө сөз кылабыз. Себеби, Президенттин жарлыгын ишке ашырууда бул маанилүү багыттардын бир салаасы болуп эсептелет. Жарлыкты жүзөгө ашырууда баалуулуктардын ар тараптуу каралышы зор мааниге ээ.

Салттуу коомдун маанилүү белгилеринин бири – муундан-муунга билим, көндүм, практикалык жөндөм, каада-салт, үрп-адат, руханий баалуулуктар өтүп жаткан муундардын уландысы. Тилекке каршы, ааламдашуу мезгилинде салттуу коомдун негизги баалуулуктарынын бири – салттуу билимдерди муундан-муунга, атадан балага өткөрүү механизми кыйрап жатат. «Миңдеген жылдар бою апробацияланган этностордун, нравалык-этикалык жана руханий баалуулуктардын системаларынын жандандыруу, сактоо, жайылтуу проблемалары актуалдуу болуп саналат» [1, 51-б.].

Коомдогу заманбап кырдаал жаштардын адептик багыттагы, айталык, ароосуз калган балдар, карылар үйүндөгү жашы өтүп калган адамдардын санынын көбөйүшү, денесин сатып күн көргөн сойкулардын арбышы ж.б. өңдүү терс тенденциянын курчушун күбөлөндүрөт жана бул жагдай салттуу коомдун руханий баалуулугун жандандыруу жөнүндөгү маселени актуалдуу кылат. Салттуу кыргыз аң-сезимине жогоруда саналып өткөн терс жагдайлар жат көрүнүш катары эсептелген, анткени, ар бир үй-бүлөнүн, уруунун ар-намысы, сөзсүз аткарууну талап кылуучу, моралдык-адептик чектен ашууга жол берген эмес.

Кыргызстандагы глобалдашуу массалык миграция сыяктуу татаал жана карама-каршы процесстерге да таасирин тийгизип, мигранттардын агылып кетүүчү жана агылып келүүчү аймактарында калктын социалдык түзүлүшүн, маданиятынын, билим деңгээлинин, этникалык курамынын өзгөрүшүнө таасирин тийгизди. Үй-бүлөлөрдүн материалдык абалынын жогорулашы, алардын интеллектуалдык, руханий, физикалык потенциалын толугураак ишке ашырууга умтулуусу, өзүн-өзү аңдоосунун кеңейиши сыяктуу олуттуу оң натыйжаларга ээ болуп, ошол эле учурда социалдык-маданий аспекттин, салттуу үй-бүлөнүн ыдырашы, балдарды ата-энесиз тарбиялоо, маданий тамырларды, эне тилди жоготуу, муундар ортосундагы салттуу баалуулуктардын, маданияттын бузулушу сыяктуу терс кесепеттери бар. Ошону менен бирге, калктын эл аралык миграциясы азыркы дүйнөлүк түзүлүштүн ажырагыс бөлүгү экенин белгилей кетүү керек. Ошондуктан, кыргыз коомунун этнопедагогикасына кайрылуу зарылчылыгын жаратты.

Кыргыз элинин салттуу маданиятында педагогика социалдык институт, илимий багытта белгилүү бир система катары каралбай, жаш муундарды тарбиялоо процессинде уруулук коомдун, үй-бүлөнүн күнүмдүк жашоо-турмушуна жуурулушуп, сиңирилген. Элдик педагогиканын негизи катары салттуу кыргыз коомунун шартында бир канча муундарды ичине камтыган үй-бүлөлүк тарбия эсептелет. Улуу муундун үй-бүлөлүк баалуулуктары так ушул жерден муундан-муунга берилген.

Элдик педагогика (этнопедагогика) кабыл алуучу жыйнак жана тарбиялоо каражаты катары элдик оозеки чыгармаларды изилдөө аркылуу түшүнүктүү болушу мүмкүн. Салттуу кыргыз коомунда балдарды тарбиялоонун негизги булагы катары, өсүп келе жаткан муунду адептик сапаттарга: эмгекти сүйүүгө, чынчылдыкка, калыстыкка ж.б. тарбиялоодо, жомоктор, макал-лакаптар, санат-насыят ырлары, уламыштар, эпикалык чыгармалар гана эсептелбестен, элдин дүйнө таанымында, өз алдынча маданиятында, ошондой эле, белгилүү жүрүм-турум эрежелеринде жана принциптеринде чагылдырылган педагогика болгон. Фольклордук чыгармалар баланын наристе кезинен баштап

жүрүм-турумунун, сезиминин, дүйнө таанымынын калыптанышына тарбиялык таасир берүүчү кызматты аткарган.

«Тарбия», «тартип», «тартиптүү», «таалим», «үйрөтүү», «адеп» сыяктуу түшүнүктөр салттуу коомдогу элдик педагогиканын ролун жана ордун күбөлөндүрүп турат.

Элдик педагогикада макал-лакаптар «элдик акылмандыктын уюткусу» катары маанилүү орунду ээлеп, тарбиялоо маселесине багытталган. Мисалы, «адамдын жаман-жакшысы туулгандан эмес, тарбиядан», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Адам көркү адеп» ж.б. Бул макалдар коомдун кылымдаган тажрыйбасына сиңирилип, салттуу дүйнө таанымда адам биринчи кезекте, социалдык нерсе катары, социалдык чөйрө анын жашоосун аныктоочу көрүнүш болуп эсептелеринен кабар берет жана адам болуп калыптануу процессинде тарбиялоо маселесине өзгөчө көңүл бурулат. Ошону менен катар эле адамдын биологиялык теги да өзгөчө мааниге ээ болгон. Муну адамдын биологиялык калыптануу ролун чагылдырган «адам түбүн тартат», «жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат», «алма сабагынан алыс түшпөйт» деген сыяктуу макалдар, «жети ата» институтунун жашашы күбөлөндүрөт.

Элдик педагогикада адам табияты биосоциалдык көрүнүш катары: адам табиятынын маңызы биологиялык эрктен жана жүрүм-турумдан гана көз-каранды болбостон, ал тарбияланган социомаданий чөйрөгө байланыштуу экендигин белгилөөгө болот.

Кыргыз элинин салттуу билимдеринин системасында этнопедагогикалык жана этноэтикеттик билимдер тыгыз байланышта каралат. Этикеттик нормалар жана жаш муунду тарбиялоо маселелери көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушунда толук түрдө кездешет. Заманбап жашоодо да, жергиликтүү айылдын шартында элдик педагогика жана салттуу этикеттик нормалар жоголгон жок.

Эрежеге ылайык, салттуу кыргыз үй бүлөсү 2-3 муундун өкүлү жашаган, көп балалуу бүлөдөн турган. Бекем сакталган эрежеге ылайык, бардык үй бүлө мүчөлөрү бүлө башчысынан тартып, жаш балага чейин белгилүү тартип боюнча жаш курагына карап отургузулган өз орундары болгон, муну алар бала күнүнөн тартып өздөштүрүп, кадимки тартип катарында кабыл алышкан. Негизги принцип катары жаш курак, жыныстык жана социалдык стратификация эсептелеген. Эң сыйлуу орун катары үй бүлө башчысы, эркек адамга «төр» берилген, анын жанында энесинин отурууга укугу болгон, андан соң, жашына карата балдары отурган. Көчмөн-кыргыздардын салттуу турак-жайы, боз үйдү кароодо – этноэтикетте аял-эркекке тиешелүү буюмдардын жайгашуусу бекем сакталган. Боз үйдө аялзатына тиешелүү – эпчи жак босогонун оң жагында жана эркектерге тиешелүү – эр жак (босогонун сол жак тарабы) бар. Эң сыйлуу орун босогого карама-каршы келген «төр» эсептелет. Ар бир үй бүлө мүчөлөрүнүн, уруунун өзүнүн орду ушундай түзүлгөн эрежеден көз каранды болгон. Эгер эшиктен улуу адам кирсе, жаш бала тура калып ордун боштуп берүүгө милдеттүү болгон. Бул эреже коноктордү отургузууда, салттуу «устукан» тартууда өзгөчө мааниге ээ болгон. Этноэтикеттик эрежени бузуу же билбөө тарбия көрбөгөндүк катары эсептелип, бул нормалардын сакталышына карап улуулар «теги жакшы», «тектүү», «тектүү жердин кызы», «тектүү жердин баласы», «тарбия көргөн», «теги жаман», «тексиз» - деп жыйынтык чыгарган.

«Этнопедагогикада учурашууга чоң маани берилген. Жолугушууда кичүү адам биринчи үч чыгарып амандашкан жана учурашуу үчүн кол бергенде да, жашы боюнча кичүү адам биринчи берет. Эгерде ат минип келе жаткан жаш адам,

жөө келе жаткан улуу адамга кез келсе, аттан түшө калып, биринчи кол берүүгө, ал эми эки атчан кез келгенде, чыгыш тараптан келе жатканы биринчи саламдашууга милдеттүү болгон» [2, 22-б.]. Саламдашкандар бир аз аярлап токтоп турган, бул урмат-сыйдын белгиси болуп эсептелген. Күн чыгыш тарап көпчүлүк элдерде өзгөчө мааниге ээ болгон жана жарыктын, жашоонун идеясын символдоштурган, ошондой эле, бир катар каада-салттарда, үрп-адаттарда чагылдырылган. Көчмөн кыргыздардын салттуу маданиятында үй бүлөнүн байлыгы, социалдык статусу малдын санына түздөн-түз көз-каранды болгон. Малдын саны аксиологиялык мааниге ээ болгон, малы жок адам көчүп-конуу иштерин жүргүзгөн эмес, аны «жатакчы» деп аташкан. Тамактанууда эт негизги азык болгон. Көчмөн «устукан» аркылуу өзүнүн адамга болгон мамилесин билдирген. «Устукан тартуунун» эрежесин бузуу, этикеттик норманы бузуу болуп эсептелген. Бул жерден адамдын жашы, жынысы, социалдык статусу эске алынган. Устукандын конокко тартылышанан улам, анын социалдык абалы гана аныкталбастан, ошондой эле, үй ээсинин ага карата мамилесин, меймандар арасындагы сый-урматын көрүүгө болот. «Устукан тартуу» салты азыркы күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой, сакталып келет.

Муундан-муунга келе жаткан салттуу этикеттик нормаларды билбөө, тарбиянын жоктугу катары эсептелген. Мисалы көчмөн-кыргыздардын күнүмдүк турмушунда бардыгына бирдей тиешелүү болгон, керегеге бутуңду артпа, түндүктүн жибине артылба, түндүктөн, бакандан аттаба, эшикти тээп ачпа, бөйрөк таянба, далыңды салба, эшикти кулачтаба, колуңду төбөңө алба, коломтону аттаба, кишини аттап өтпө деген сыяктуу тарбиялык тыюу нормалары болгон. Салттуу коомдун тарбиялык нормаларын бузуу оройлук, тарбиясыздык катары эсептелип, адам коомунун баалуулугунун негизги принциптеринин маңызы катары каралган. Көпчүлүк элдерде табуга айланган адам өлгөндө «өлдү» деген сөздүн ордуна «көз жумду», «көзү өттү», «дүйнөдөн өттү», «кайтыш болду», «каза болду» деген айтымдар менен алмаштырылган. Сүйлөө кебинде «өлдү» деген сөзду колдонуу оройлук, тарбиясыздык катары эсептелген.  Кыргыздардын тарбиялык системасында көрсөтүлгөн моралдык-маданий баалуулуктарды ишке ашырууга тикеден-тике байланыштуу болгон мындай табу - нормалар терс көрүнүш катары кабыл алынган. Кыргыздардын салттуу коомундагы этникалык этикеттин бирден-бир өзгөчөлүгү – «ат тергөө» болуп эсептелет. Кыргыздардын салттуу дүйнө таанымында, ошондой эле, Борбордук Азия, Саян-Алтай элдеринде улуу адамга урмат көрсөтүү катары анын атынан атабай, «ат тергөө» колдонулган. Мисалы, келиндин абалында күйөөсүнүн үй бүлөсүнө, кайындарына карата көптөгөн тыюулар менен коштолгон. Кыргыздардын маданияты (этикети) боюнча келин күйөөсүнүн тууганндарынан, анын ичинен эркек адамдардын алдынан өткөн эмес. Бул урмат-сыйдын өзгөчө формасы болуп эсептелген. Мындай жүрүм – турум адептик маани жактан нике мамилелерин жөнгө салып, натыйжада кандаштар арасындагы никенин болуу мүмкүнчүлүгүн азайткан.

Бул этикеттик норма бүгүнкү күнгө чейин алыскы айыл жергесинде жашы улуу аялзытынын арасында сакталып келет. Мисалы, айрым айылдарда жергиликтүү жашоочуларында салттуу этикет боюнча аял, келин кайындарынын атынан атабай, күйөөсүнүн кичүү инисин «кичине бала», «биздин бала», улуу агасын «жакалуу аке», карындашын «кызыке», ошондой эле, социалдык абалынан жана сырткы көрүнүшүнөн улам, ак кыз, кара кыз ж.б. түшүнүктөрдү пайдаланат. Изилдөөчүлөр белгилегендей, «мындай көрүнүш Түштүк Сибирдеги түрктөрдүн, алтайлык-

тардын дүйнө таанымында, аналогиялык этикеттик нормаларында да кездешкен, мисалы, «аял киши күйөөсүнө жана анын улуу бир туугандарына «ака», «абагай», «эже» деп кайрылышы шарт болгон. Кайындарынын өз атынан айтып кайрылууга тыюу салынган. Ошондуктан аялдар кимге кайрылып жаткандыгына карап, аны сүрөттөөгө аргасыз болушкан. Мисалы жаш келин кайын эжеси менен сүйлөшүп жатканда аны «сөйкөлүү эже» деп атаган. Эгер кайын энесининин аты Сырга болсо, келини сөйкөнүн атын атабай, «кулагында илинген» деп айтууга мажбур болгон» [3, 151-б.]. Келиндин күйөөсүнүн туугандарына болгон бекем сакталган мамиле патриархалдык коомдун идеологиясынан улам келген, анда эркек үй-бүлө башчысы талашсыз кадыр-баркка ээ болгон. Бирок ошону менен бирге эле С.Абрамзон белгилегендей: «кыргыз аялынын абалы Орто Азиядагы башка отурукташкан элдердин аялына салыштырмалуу өз алдынча болуп, ал бир топ жакшы шартта жашаган. Ал элден качып, чүмкөнүп жүргөн эмес, эркектердин арасында, каада-салт боюнча качууга милдеттүү болгон эркек адам болбосо, жүзүн ачык алып жүрүүгө укуктуу болгон» [4, 27-б.].

Салттуу коомдогу этикеттик норма боюнча улууга урмат-сый катары толук атынан эмес, анын ордуна, мисалы, Чыңгыз – Чыке, Асылбек – Асыке, Бакыт – Баке ж.б.  деп кайрылып келишкен, бул азыркы күндө да сакталып келет. Улуу эркек адамга аке, байке, аба, ал эми, аялзатына эже деп кайрылышат.

Тарбиялоо процессинде сырткы жүрүм-турум эрежелери менен ички руханий тарбия бири-бири менен тыгыз байланышта, гармонияда болгон.  Уруулук коомдо бардык социалдык мааниге ээ кырдаалда талап түрүндө эмес, индивиилдин жүрүм-турумун майда-чүйдөсүнө чейин байкоого алган адат-каада формасындагы эрежелер жана этикеттик нормалар болгон.

Жүрүм-турум эрежелери, моралдык айтымдар уруу мүчөлөрү үчүн ата-бабасынан калган мурас катары кабыл алынган.  **Үй бүлөлүк милдеттерди бекем сактоо, улууну сыйлоо, кичүүгө кам көрүү, меймандостук** – бул принциптер социалдык жашоодогу универсалдуу принцип, моралдык кодекс катары аныктаган.

Элдик педагогикада биологиялык жаш куракты өзгөчөлүгүн белгилүү социалдык этаптарга: 1. «балалык», 2. «жаштык», 3. «токтолгон жаш», 4. «карылык» - деп бөлүштүргөн.

Белгилүү орус этнографы А.А.Диваев XIX кылымдын экинчи жарымында Бордордук Азиядагы көчмөн элдердин элдик педагогикасын изилдеп, «казак жана кыргыздарда балдардын жана өспүрүмдөрдүн белгилүү жаш курагын: 1 ден 7ге  чейин – бала, б.а. наристе, 7ден 15ке чейин боз бала, ба.а, өспүрүм, 15тен 25ке  чейин жаш курак» [5, 20-б.] – деп бөлүштүрүү болгондугун белгилейт.

Өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо мезгилине көңүл бурсак, андан адамды калыптандыруу, түзүү процессинде, аталган этапта белгилүү бир социалдык бирдикти, баланы айлана-чөйрөгө көнүктүрүүдөгү карым-катнаш процессин чагылдыруучу, ар кандай шартка ылайык өзгөрүп турууга жөндөмдүү элдик педагогиканы көрүүгө болот.

Биринчи «балалык» мезгилине чоң маани берилип, төмөндөгүдөй: «ымыркай», «кызыл эт» – жаңы төрөлгөн бала, «кыркы чыга элек» – төрөлгөнүнө кырк күн боло элек, «күлүшүп калган бала» – күлгөнгө жарап калган 3-5 айлык нарсите, «ата-энесин таанып калган бала» – ата-энесин  тааныган, «отуруп калган бала» – өз алдынча отурууга жараган, «эмгектеп калган бала» –  7-9 айлык жөргөлөп жүргөн бала, «каз туруп калган бала» – 10-11 айлык бутуна туруп калган бала, «там-туң баскан бала» –  өз алдынча кадам жасаган - 1, 1,5 жаштагы бала, «тили чыккан бала»

– сүйлөөгө жарап калган 1,5-2 жаштагы бала, «жүгүрүп жүргөн бала» – кыймылдуу, тынчы жок 2-3 жаштагы бала – деп бөлүштүрүп көрсөткөн. 3 жаштан баштап тили так чыгып, балада өздүк Мен пайда болот.

Үч жашы толгондо,
Үй-бүлөдө тили бал,
Үйдүн ичин чаңытып,
Үч көтөрчү жини бар [6, 38-б.].

3-5 жаштагы баланы «өзүн-өзү эптеп, анча-мынча ишке жарап калган» деп мүнөздөгөн, башкача айтканда, ал өз алдынча болуп калат.

Үчкө жашы чыкканда...
Баланын тили эң кызык
Сүйлөп берсе кужурап…
Үч жашар ойноо кезинде
Тили чыгат булбулдун
Аламан сүйлөп бергенде
Кайгысы чыгат муңдуунун,
"Кагылайын тилиңден",
Деп жалынып апасы [7, 153 -154-б.].

Төрткө жашы барганда,
Таңга мал торгойдой,

Сайрап турган балалык....
Бешке жашы барганда,
Агын сууну бойлошот [6, 38-б.].

Этнопедагогикада көчмөн тиричиликке байланышкан эмгек тарбиясы маанилүү орунда турган. Баланы эрте жаш курагынан тартып көчмөндөрдүн салттуу тиричилиги болгон мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк, аңчылык жана үй тиричилигине көнүктүрө баштаган.

Ал эми 5-6 жашынан баштап, көчмөн тиричиликтин салтында элементардык эмгекке, өзүнө-өзү кам көрүүгө байланыштуу: «а) өзүн жана киймин таза алып жүрүүгө; б) жүндөн токууну үйрөнүүгө; в) кичинекей бөбөктөрүнө кам көрүүгө, курсагын тойгузууга, уктатууга, ойнотууга; г) боз үйдүн тегерегин иретке келтирүүгө; койдун кыркып, тыбытын тароого жана үй тиричилик буюмдары менен иштөөгө ж.б. көндүмдөргө үйрөтө баштаган» [8, 17-б.].

7-8 жаштагы баланы “кол арага жарап калган бала” – деп мүнөздөшкөн, б.а., бала чарбага жардам берүүгө жарап калат, так ушул куракта коомдо өз алдынча тиричилик кылууга даярдоого багыттоо башталат:

Жети жашка барганда,...
Тезек терип, суу ташып,
Бир аз, жумуш кылган балалык! [6, 39-б.].

«Этнопедагогикада так ушул 7 жаштан баштап балдар айыл-чарба эмгегине тартыла баштайт. Бул өзүнө:

а) үй жаныбарларын багуу, талаага жаюу, уй саап, сүтүн сактап, май алуу; в) атка минүүгө көнүгүү, кымыз даярдоону үйрөнүү; г) жайытка кой жаюу, кашарда козуларды кармоо, туут учурунда козуларга кам көрүү, алар ооруп калса, улуулар келгенге чейин биринчи зарыл болгон жардамды көрсөтүү ж.б. Кыздарды кол өнөрчүлүк чеберчиликке: жүндү тазалоо, токуунун технологиясын өздөштүрүүгө ж.б. үйрөтүшкөн» [8, 18-б.].

9-12 жаштагы улан кыздарды толук кандуу чарбага жардамчы катары карашкан.

Он бир жашка келгенде,
Чыйрак болсо ат чабат,
Аты чыгып байге алса,
Аздыр-көптур мал табат. [6, 39-б.].

13 жаш мүчөл жаш деп белгиленип, жашоонун биринчи циклы катары (кыргыздарда жана башка Чыгыш элдеринде жыл саноо 12 циклга бөлүнгөн), физикалык, руханий, физиологиялык өзгөрүүгө байланышкан жашты символдоштурган. Ар бир 12 жаштык цикл адам жашоосундагы жеке өздүк мүмкүнчүлүктү ишке ашырууга байланышкан (мисалы, кыргыздардын салттуу маданиятына уул бала

2 циклга б.а., 25 жашка чейин үйлөнүшү керек болгон) белгилүү сапаттык этапты туюндурган.

12-13 жашынан баштап "өспүрүм курак башталат, 13 жаштагы эркек бала "тестиер", ал эми кыз бала "секелек кыз" деп аташкан. 12 жаштан баштап кызды да, баланы да өз алдынча чарбанын жардамчысы катары кабыл алган. Балдар бул курактан баштап жайытка, аңчылыкка улууларды ээрчип бара баштаган, ал эми кыздар көчмөнчүлүктүн оор шартында улууларга жардам берип, тамак-аш, кийим-кече камдоого жардам беришкен.

Андан ары 13төн 30 жашка чейин экинчи "Жаштык" этабы башлатат. Никеге туруу курагы 16-18 жаш деп болжолдонгон. Бул курак салттуу маданиятта адамдын физикалык жана социалдык жактан толук кандуу жетилген мезгил деп белгилеген.

Эл көп кылымдар аралыгында байкоо жүргүзүү жолу менен балдардын психологиялык курактык өзгөчөлүгү жөнүндө педагогикалык билим топтогон.

Бала төрөлгөндөн баштап туугандык мамиле, уруулук коом системасы боюнча кабардар боло баштаган. Бул жерде ритуалдык эле эмес, педагогикалык да мааниге ээ болгон ырым-жырым аракеттеринин бүтүндөй системасы чоң роль ойногон. Баланын төрөлүшү ата-эне, үй бүлө үчүн гана эмес, уруулук коом үчүн чоң жаңылык болгон.

Ар бир коом өзүнүн салтына ылайык, адамдын жашоосундагы маанилүү деп эсептелинген этапты аныктоо менен инсанды өнүктүрүү процессин камсыз кылган. Көчмөн кыргыз үчүн баланын төрөлүшү эң маанилүү болуп эсептелген. Наристенин жашоосу алгачкы күндөн тартып, ар кандай ырым-жырым менен коштолгон. Алардын алгачкысы баланын жарык дүйнөгө келгендигинин урматына "жентек той" өткөрүлгөн, куттуктагандар адатта белек алып келген, баланын жашоосу бактылуу, жемиштүү өтсүн деген тилек менен "бешикке бөлөө" ырымы жүргүзүлгөн. Андан соң бала алгачкы кадамды өзү жасагандан тартып, анын келечек жашоосунда тоскоолдуктар аз болуп, баскан жолу кең болсун деген тилек менен тушоо той өткөрүлгөн.

Бул салттар терең тарбиялык мааниге ээ болуу менен, үй бүлөө ортосундагы, коом түзүлүшүндөгү муундар аралык байланышты бекемдеп, коммуникативдик кызматты аткарган. Бала төрөлгөн күнүнөн тартып эле коомдун социалдык байланыш процессине тартылган. Баланын төрөлүшүнө байланыштуу бардык каада-салттар терең педагогикалык мааниге ээ болуу салттуу коомдо үй бүлөлүк тиричилик жашоонун белгилүү тартибинде чагылдырылып, салттуу коомдун жүрүм-турумунун моделин түзгөн. Ошондуктан баланын төрөлүшүнө байланыштуу каада-адат, жөрөлгөлөрдүн бардыгы үй бүлөнүн ортосундагы социалдык байланышты бекемдесе, экинчи жагынан айланасына жаңы адамдарды киргизген. Дал ушул салттардын алкагында социалдык байланыштын бүтүндөй комплексин жаратуучу баланы эрте жашынан социалдаштыруу процесси жүргүзүлгөн.

Элдик педагогикада үй бүлө жоопкерчилиги, берилгендик, улууларды сыйлоо, кичүүлөргө кам көрүү, адептик баалуулукка тарбиялоо, ата-эне менен баланын ортосундагы мамилеге көмөк көрсөтүү, сыйлоо борбордук орунду ээлеген. Бул тарбиялоо принциптери жалпы адамзаттык жашоодо универсалдуу болуп эсептелип, салттуу коомдун моралдык-адептик кодексин аныктаган.

Ошону менен катар эле балдар үчүн милдеттүү эрежелердин бири ата-энесин сыйлоо эсептелген. Балдар өзүнүн жүрүш-турушу, тарбиялуулугу, кылган иши менен ата-энеге кубаныч тартуулап, алардын кеңешин угуу менен карыганда аларга бейпил жашоону камсыздоого, коргоого милдеттүү болгон.

Абайласаң жигиттер,
Ата, энең мекедей
Абыдан куштап бага көр,
Колуңдагы кеседей [9, 125-б.].

……………………….
Антты-шертти ойлобой,
Ата-энеңди булгасаң,
Кайдан жакшы болосуң [9, 126-б.].

Кыргыз элинин этнопедагогикасынын негизин улуудан кичүүгө, атадан балага, энесинен кызына, устаттан шакиртке өтүүчү салттуу билимдер түзөт. Үй бүлөдөгү өспүрүм балдар ата-энесинин күнүмдүк тиричиликтеги кыймыл-аракетине ар дайым байкоо менен кыймылдуу көчмөн жашоонун шартында көчүү учурунда улуулардан тажрыйба, билим кабыл алышкан, өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо чарба-тиричилик процессине сиңирилген практикалык көндүм маанилүү фактор болуп эсептелген.

Салттуу үй-бүлөдөгү көп балалуулук элдик педагогиканын өнүгүшүнүн бирден-бир шарты болуп эсептелген. "Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт"- деген эл ичинде айтым буга мисал болот. Бул үй-бүлөдөгү тарбиялоо процессинде жакшы адаттардын арбын болушу чоң мааниге ээ экендигинен кабар берет. Үй-бүлөдө улуулар кичүүлөргө өзүнүн оюн таңуулабай, тажрыйбалары менен бөлүшкөн. Эл арасында "үйрөнүп көрбөгөн уста болбойт" – деген макалдар бар.

Макал-лакаптарда адамдын ар кандай кырдаалдагы жүрүм-турум эрежелери топтолгон формада берилген.

Этнопедагогикалык билимдер жетишээрлик деңгээлде элдик жомоктордо топтолгон. Дал ушул жомоктор аркылуу балдар алгачкы жолу чындык, берилгендик, мекенчилдик өңдүү адептик сабактарды алган. Алар муундардын ортосундагы руханий байланыштын символу болуп эсептелип, үй бүлөнүн башын кошуп, улуулар менен балдардын руханий пикир алышуусунун өзгөчөлөнгөн формасы болуп эсептелет.

Элдик педагогикада улуттук балдар оюндарына кеңири орун берилген, алар баланын физикалык өнүгүшүн гана камсыз кылбастан социализация процессинде коммуникативдик көндүмүн ишке ашырууга, эл арасындагы жүрүш-туруш эрежелеринин нормаларын түшүнүүгө, лидерлик сапатын жана чечендикти үйрөтүүгө түрткү берет. Оюн учурунда адамда таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгү активдүү ишке ашып, маданий байлыктарга сиңирилген жаңы билимди кабыл алат.

«Жалпысынан бардык балдар оюндарын тилди, ой жүгүртүү жөндөмүн, пикир алыша билүүгө багытталган: табышмак, жаңылмач, акыйнек жана физикалык маданиятын өнүктүрүүгө багытталган: "Ак терек, көк терек", "Жоолук таштамай", "Шакек салмай", "Жашынмак", "Топ таш", "Ак чөлмөк", "Чүкө" ж.б.» [10, 108-124-б.] - деп бөлүп кароого болот. Бул оюндар балдардын көңүл коюусун, аңдай билүүсүн, байкагычтыгын өнүктүргөн таанып-билүүчүлүк кызматты аткарган. Көптөгөн оюндар улуулардын жашоосунун моделин алып жүрүү менен баланы улуулардын жашоосуна киргизүүгө жардам берген, аларга: "Упай", "Кан таламай" ж.б. оюндарды киргизүүгө болот. Аскер өнөрүнүн мүнөзүн алып жүргөн оюнга "Ордону" киргизүүгө болот. Бул оюнда аскер тактикасынын жана стратегиясынын кыймыл-аракеттери чагылдырылган. А.Ч.Какеев оюндун маңызын жана маанисин ачып берүү менен «Ордо – эң биринчиден, тарбия берүүчү оюн. Бул – өзүнүн ханын, жерин, элин коргоо. Ал өз өлкөсүн коргоо менен ошол эле кезекте, душманга каршы турууга үйрөтөт» [11, 62-б.] – деп белгилеген.

Жогоруда берилгендерге карап төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- этнопедагогика өзүнүн руханий умтулуусунда жалпы үй бүлөөлүк баалуулук-

тарды сактоого, жазылбаган мыйзамдарына баш ийүү менен адамзат тиричилигиндеги өтө зарыл болгон суроолорго ата-бабасынын тажрыйбасынын негизинде моралдык баалуулукту издөөгө багытталган;

- этнопедагогика менен байланышкан салт бир жагынан үй бүлөөдөгү байланышты бекемдеп, коммуникативдик кызматты аткарса, экинчи жагынан жаш кулрактык принципти орнотуп, муундар аралык мураскерликти жана коомдук түзүмдү калыбына келтирип, тарбиялык терең маани алып жүргөн;

Кыргыздардын этнопедагогикалык, этикеттик нормалары өзүнүн маңызында адамзат жашоосунун негизги баалуулук принциптеринде чагылдырылган.

**Адабияттар**

1. Ботоканова Г.Т. Обычное право как регулятор социальных отношений традиционного кыргызского общества / Г.Т. Ботоканова // Вестник Бишкекского государственного университета им. К. Карасаева. – 2021. – № 2-3. – С. 51-54.
2. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт / А. Акматалиев. – Бишкек : [б. и.], 1993. – 222 б.
3. Сагалаев А.М. Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири. Знак и ритуал / А.М. Сагалаев, И.В. Октябрьская ; отв. ред. И.Н. Гемуев. – Новосибирск : Наука. Сиб. отд-ние, 1990. – 209 с.
4. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / С.М. Абрамзон ; авт. вступ. ст. С.Т. Табышалиев. – Фрунзе : Кыргызстан, 1990. – 480 с.
5. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана / А.Э. Измайлов. – Москва : Педагогика, 1991. – 256 с.
6. Жеңижок: Ырлар, айтыштар / түз. А. Жусупбеков. – Бишкек : Бийиктик, 2006. – 368 б.
7. Сатылганов Т. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. Т. 2: Ырлар / Т. Сатылганов. – Фрунзе : Адабият, 1989. – 175 б.
8. Рахимова М.Р. Кыргызская народная педагогика : учебно-методическое пособие / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова. – Бишкек : [б. и.], 1993. – 79 с.
9. Молдо Кылыч. Казалдар / Молдо Кылыч. – Фрунзе : Адабият, 1991. – 256 б.
10. Орозова Г. Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы / Г. Орозова. – Бишкек : Бийиктик, 2003. – 31 б.
11. Какеев А.Ч. История философской науки в Кыргызстане : учебник для вузов / А.Ч. Какеев. – Бишкек : Изд-во КРСУ, 2010. – 290 с.